# Ош Мамлекеттик Университети
# Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын

## №1 ПРОТОКОЛУ

*30.09.25. Ош шаары*

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: *м.и.д.,проф. Калматов Р.К.*
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: *Мурзабек кызы Асел*
Катышкандар: *24*
Келбегендер: 4 *себептүү*
Чакырылгандар: *жок*

## КҮН ТАРТИБИ:

*1.* **Эл аралык медицина факультетинин 2025-2026 — окуу жылына карата Окумуштуулар Кенешинин отурумунун планын талкуулоо жана бекитуу жөнүндө**

2. **2025-2026 — окуу жылынын эл аралык медицина факультетинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн (KPI) аныктоо жана бекитүү**

3. **Ар түрдүү маселелер**

*Кыргыз Республикасынын Гимни угулду.*

1. **Эл аралык медицина факультетинин 2025-2026 – окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин отурумунун планын талкуулоо жана бекитүү жөнүндө.**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди.

2025-2026 – окуу жылына карата түзүлгөн Окумуштуулар Кеңешинин иш планы Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө таркатылып, талкулап, кошумча сунуштарды берүүсүн жана бекитүү жөнүндү айтты.

**Талкуу:**

**Чыгып сүйлогөндөр:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов: 2026-жылы Эл аралык медицина факультети дарылоо иши адистиги, нутрициология магистратурасы жана эксперименталдык PhD докторантура (эки адистик: коомдук саламаттык сактоо жана медицина) боюнча аккредитациядан өтүү пландалууда. Бул багытта НААР тарабынан берилген сунуштары жана эскертүүлөрдүн үстүнөн иш алып баруу зарыл. Ошондуктан Лазакат Мадаминовнаны комиссия түзүп, аккредитацияга даярдык иштерин баштоого жооптуу кылуу сунушталды. Белгилүү болгондой, Президенттин медициналык билимди монополизациялоо боюнча көрсөтмөсү бар, жана алдын ала мамлекеттик аккредитация апрель айына белгиленген. Ошол себептен, эл аралык медицина факультетиндеги окуу процессине байланыштуу окуу, окуу-усулдук, илимий-усулдук, аккредитациялык жана тарбиялык багыттагы иш-чараларды иш жүзүнө ашырууну камсыздоо максатында факультеттин Окумуштуулар Кеңешинин иш планы түзүлгөн. Менин сунушум Окумуштуулар Кеңешинин отурумунун планын бекитилсин.

**Декандын окуу иштери боюнча орун басары, улук окутуучу Л.М. Джумаева:**
- планда факультетке тиешелүү бардык маселелер камтылгандыгын, башка сунуш жок болгондугун айтып, Окумуштуулар Кеңешинин отурумунун планы бекитилсин.

Биринчи маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин төрагасы, м.и.д, профессор, Р.К.Калматовдун 2025-2026 – окуу жылына карата түзүлгөн Окумуштуулар Кеңешинин иш планын талкуулоонун негизинде Окумуштуулар Кеңеши бир добуштан колдоп,

**ТОКТОМ кылат:**

1. **2025-2026 – окуу жылына карата эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин иш планы бекитилсин;**

**2. 2025-2026 — окуу жылынын эл аралык медицина факультетинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн (KPI) аныктоо жана бекитүү**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов:
- Экинчи маселе боюнча сөз эл аралык медицина факультетини декандын окуу иштери боюнча орун басары, улук окутуучу Л.М. Джумаевага берилет.

**Чыгып сүйлогөндөр:** ***Л.М. Джумаева:*** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер! Өзүңүздөр билгендей, өткөн жылдан тарта бизге белгилүү натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү (KPI, индикаторлор) дайындалып, ошол көрсөткүчтөрдүн негизинде кафедра башчыларынын жана факультеттердин ишине рейтинг жүргүзүлүп келет. Ар бир кафедра башчысына жана ар бир окутуучуга тиешелүү индикаторлор бөлүштүрүлгөн. Эл аралык медицина факультетинин профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу — бул натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат. 2025–2026-окуу жылында аталган көрсөткүчтү **45% га** чейин көтөрүү максаты коюлууда. Факультет мүчөлөрү тарабынан **Scopus** жана **Web of Science** системаларында индекстелген журналдарда жарыяланган макалалардын жана аларга болгон цитаталоолордун санын көбөйтүү милдети турат. Ошондой эле **QS World University Rankings by Subject** эл аралык предметтик рейтингине кирүү үчүн Scopus базасында индекстелген басылмалардын босого деңгээлин камсыздоо зарыл.Мындан тышкары, эл аралык гранттардын жана илимий долбоорлордун санын көбөйтүү да индикаторлордун бири болуп саналат. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү багытында — мугалимдердин **Кыргыз тесттен** ийгиликтүү өтүүсүн камсыз кылуу зарыл. Ар бир семестрде факультет тарабынан академиялык репутацияны көтөрүүгө багытталган **PR иш-чараларын** өткөрүү каралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:м.и.д.,проф. Р.К. Калматов: натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрү боюнча бир нече талкуу болду, баарыңыздар катышып, коюлган план толук кандуу аткарыла турган сунушуңуздарды бердиңиздер. Добуш берип коюңуздар.

“Макул” – 24
“Каршы” – жок
“Калыс” – жок

ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2025-жылдын 30-сентябрындагы №1-жыйынындагы отурумунда 2025-2026 — окуу жылынын эл аралык медицина факультетинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрүн (KPI) аныктоо жана бекитүү боюнча жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. 2025-2026 — окуу жылынын эл аралык медицина факультетинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун негизги көрсөткүчтөрү (KPI) бекитилсин;
2. Кафедра башчылары KPI көрсөткүчтөрүн өз мөөнөтүндө ишке ашырууга милдеттендирилсин;
3. Ар бир көрсөткүч боюнча аралык жыйынтыктар жылына эки жолу окумуштуулар кеңешинин кароосуна коюлсун;
4. Факультеттин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жаңы өнөктөштүктөрдү түзүү, илимий ишмердүүлүктү активдештирүү, эл аралык мобилдүүлүктү кеңейтүү жана коомдук имиджди чыңдоо боюнча иштер күчөтүлсүн;
5. Эл аралык медицина факультетинин ишмердүүлүгүнүн негизги көрсөткүчтөрүнүн (KPI) аткарылышын көзөмөлдөө жоопкерчилиги декандын орун басары Л.М. Джумаевага жүктөлсүн.

**3.Ар түрдүү маселелер.**

**3. Ар түрдүү маселелер**

3.1.1 Салиева Рана Шербаевнанын 14.01.22 – ревматология адистиги боюнча «Клинико-иммунологическая эффективность и безопасность длительной амбулаторной терапии адалимумабом у пациентов с аксиальным спондилоартритом» темасындагы доктордук диссертациясынын темасын бекитүү.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, м.и.д., проф. Р.К. Калматов изденүүчү Салиева Рана Шербаевнанын илимий темасын сунуштап, анын мазмунуна токтолду. Ал теманын актуалдуулугун, илимий жаңылыгын жана практикалык маанисин баса белгиледи. Андан соң аталган илимий тема кеңеш мүчөлөрүнүн талкуусуна коюлду.

**Талкуу:**

м.и.к., доценттер, С.М. Маматова, М.М. Бугубаева, Эсенгелди к. Айжамал, жана б.и.к., доцент А.А. Момуновалар теманын актуалдуулугу, илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү жөнүндө пикир билдиришип, изилдөөнүн ревматология илимин өнүктүрүүгө кошкон салымы жогору экендигин белгилешти. Ошондой эле, диссертациялык теманын мазмуну жана изилдөөнүн багыты доктордук илимий даража алуу талаптарына ылайык келери белгиленди.

Жогорудагы талкуунун негизинде жана сунуш-пикирлерди эске алуу менен эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Салиева Рана Шербаевнанын **«Клинико-иммунологическая эффективность и безопасность длительной амбулаторной терапии адалимумабом у пациентов с аксиальным спондилоартритом»** темасындагы диссертациялык иши актуалдуу жана илимий жактан негиздүү деп табылсын жана бекитүүгө сунушталсын.

\3.1.2 Абдирасулова Жайнагуль Абдирасуловнанын 14.02.03 - комдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо адистиги боюнча «Совершенствование системы скрининга онкопатологии молочной железы в Кыргызской Республике» темасындагы доктордук диссертациясынын темасын бекитүү.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, м.и.д., проф. Р.К. Калматов изденүүчү Абдирасулова Жайнагуль Абдирасуловнанын илимий темасын жана анаын актуалдуулугун ,илимий жанылыгын жана практикалык маанисин баяндап берди.Кыргызстанда эмчек безинин онкопатологиясынын өсүп жаткандыгына байланыштуу скрининг ситемасын өркүндөтүү зарылчылыгы өтө маанилүү экендигин белгилеп өттү.

**Талкуу:**

м.и.к., доценттер, Н.А.Каримова, М.М. Бугубаева, Л.М.Джумаева, жана б.и.к., доцент А.А. Момуновалар теманын илимий жана практикалык маанилүүлүгү жөнүндө пикир билдиришти. Изилдөөнүн натыйжалары онкопатологиянын алдын алуу жана эрте аныктоо системасын жакшыртууга көмөктөшөөрүн белгилешти. Ошондой эле, диссертациялык теманын мазмуну жана изилдөөнүн багыты доктордук илимий даража алуу талаптарына ылайык келери белгиленди.

Жогорудагы талкуунун негизинде жана сунуш-пикирлерди эске алуу менен эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Абдирасулова Жайнагуль Абдирасуловнанын **«Совершенствование системы скрининга онкопатологии молочной железы в Кыргызской Республике»** темасындагы диссертациялык иши актуалдуу жана илимий жактан негиздүү деп табылсын жана бекитүүгө сунушталсын.

3.2. Илимий-методикалык эмгектерди басмага сунуштоо.

Эл аралык медицина факультетинин патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын мүчөсү медицина илимдеринин доктору,профессор Р.К.Калматов жана медицина илимдеринин доктору,профессор Л.П. Чурилов тарабынан даярдалган “GENERAL PATHOPHYSIOLOGY – SIMPLY PUT” деп аталган окуу колдонмону басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө.

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинде профессор,медицина илимдеринин докторлору Л.П. Чурилов жана Р.К.Калматов тарабынан даярдалган “GENERAL PATHOPHYSIOLOGY – SIMPLY PUT” деп аталган окуу колдонмонсун басмадан чыгарууга сунуштоо жөнүндө айтып өтүп, талкууга койду.

**Талкуу :**

м.и.к., доценттер, С.М. Маматова,М.М. Бугубаева жана б.и.к., доцент А.А. Момуновалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, басмадан чыгарууга сунушташты.

Жогорудагы талкуунун негизинде эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Эл аралык медицина факультетинин патология,базистик жана клиникалык фармакология кафедрасынын мүчөсү медицина илимдеринин доктору,профессор Р.К.Калматов жана медицина илимдеринин доктору,профессор Л.П. Чурилов тарабынан даярдалган **“GENERAL PATHOPHYSIOLOGY – SIMPLY PUT”** деп аталган окуу колдонмонсун басмадан чыгарууга сунушталсын жана колдоп берүү үчүн ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын;

2025-2026- окуу жылына “560001 –Дарылоо иши” адистигинин, “560100-Коомдук саламаттыкты сактоо” магистратуранын НББПларын, окуу пландарын, жумушчу программаларын талкуулоо жана бекитүү

3.3 2025-2026- окуу жылына “560001 –Дарылоо иши” адистигинин, “560100-Коомдук саламаттыкты сактоо” магистратуранын НББПларын, окуу пландарын, жумушчу программаларын талкуулоо жана бекитүү жөнүндө

**Угулду:**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов 2025-2026- окуу жылына “560001 –Дарылоо иши” адистигинин, “560100-Коомдук саламаттыкты сактоо” магистратуранын НББПларын, окуу пландарын, жумушчу программаларын талкуулоо жана бекитүү жөнүндө программа жетекчилерине сөз берди.

**Сөзгө чыкты:**

Чыгып сүйлөгөндөр: “560001 – Дарылоо иши” адистигинин НББПларын, окуу пландарын, жумушчу программаларын талкуулоо жана бекитүү боюнча программа жетекчи, м.и.к., доцент Бугубаева М.М.: 2025-2026-окуу жылына 3 НБББсы тузулду, жумушчу топтун жыйындарында айтылган бардык сунуштар жана толуктоолор кылдат каралып чыгып, тиешелүү бөлүктөргө толук киргизилгенин белгилеп өттү. Ошондой эле НББПлардын мазмунун өркүндөтүү, практикалык багытты күчөтүү жана лабораториялык базаны кеңейтүү боюнча сунуштар да эске алынганын билдирди.

м.и.к. Абдымомунова Б.Т.:НААРдын тышкы эксперттик комиссиясынын сунуштарын ишке ашырууга байланыштуу рекомендациялар, ОшГУнун акыркы перспективалык планы жана 2023-жылдагы мамлекеттик стандарт каралып, “560100 – Коомдук саламаттыкты сактоо” магистратура программасына тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилди.

Жарыш сөзгө декандын окуу иштери боюнча орун басары Л.М. Джумаева,Момунова А.А. жана Эсенгелди кызы Айжамал чыгып, өз пикирлерин жана сунуштарын билдиришти.

Жогорудагы талкуунун негизинде жана сунуш-пикирлерди эске алуу менен эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2025-2026-жылга “**560001–дарылоо иши**” адистигинин негизги билим берүү программасы бекитилсин. Аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык медицина факультетинин дыарылоо иши боюнча программа жетекчи, жооптуу М.М. Бугубаевага жүктөлсүн

2. 2025-2026-жылга **“560100-Коомдук саламаттык”** адистигинин негизги билим берүү программасы планын бекитилсин. Аталган иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөө эл аралык медицина факультетинин магистратура боюнча жооптуу Б.Т.Абдымомуновага жүктөлсүн

Төрага: Р.К. Калматов

Катчы: Мурзабек к А.